**1. 2020-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттигинде бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн пилоттук финансылык аудити жөнүндө отчет**

**2. Алуучу: Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттиги (Бишкек шаары, Москва көчөсү, 190.)**

**3. Аудитордук пикир: Агентиктин финансылык отчеттуулугу туура, бардык ченемдик актыларга шайкеш келет**

- “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын 2024-жылдын 9-сентябрындагы № 06-1/592 “Пилоттук финансылык аудитти жүргүзүү жөнүндө” буйругуна ылайык, финансылык абал жөнүндө отчеттон, жыйынды кирешелер жөнүндө отчеттон, Депозиттерди коргоо фондундагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчеттон, акча каражаттарынын жүгүртүлүшү жөнүндө отчеттон, ошондой эле финансылык отчетко карата эскертүүлөрдөн турган, 2020-2023-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттигинин финансылык отчеттуулугуна аудит жүргүзүлдү.
- Биздин пикирибиз боюнча, 2020-2023-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттигинин финансылык отчеттуулугу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, бардык олуттуу аспекттерде туура берилген. Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (ФОЭС) ылайык, 2020-2023-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттигинин финансылык абалы, анын финансылык жыйынтыктары жана көрсөтүлгөн датага карата аяктаган жыл ичинде акча каражаттарынын жүгүртүлүшү, финансылык отчеттуулук бардык олуттуу багыттарда ишенимдүү берилген (же аныктыкты берет).
- **Корутунду үчүн негиз:** Биз аудитти Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык стандарттарына (ISSAI) ылайык жүргүздүк. Биздин милдеттер бул стандарттарга ылайык, биздин отчеттун “Финансылык отчеттуулукка карата Эсептөө палатасынын жоопкерчилиги” бөлүмүндө толук жазылган. Биз, Бухгалтерлердин этикасынын эл аралык стандарттары боюнча Кеңештин Кесипкөй бухгалтерлердин этика кодексине (IESBA Кодекси) ылайык Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттигинен көз карандысызбыз жана башка этикалык милдеттерди аткарабыз. Биз тарабынан алынган аудитордук далилдер биздин пикирибизди негиздөө үчүн жетиштүү жана жөндүү деп эсептейбиз.

- **Аудиттин негизи маселелери:** тандалма ыкма менен аудит жүргүзүү учурунда, 2020-2023-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттигинин финансылык отчеттуулугу, анын ичинен, финансылык отчеттуулуктун формаларынын өз ара байланышы жана бухгалтердик маалыматтарга финансылык отчеттуулуктун шайкеш келиши текшерилди. Аудит жүргүзүү үчүн пландоодо жана тобокелдиктерди аныктоодо, 2020-2023-жылдарга карата келип түшкөн каражаттардын негизги суммасы, коммерциялык банктардын жана башка микро финансылык компаниялардын жана инвестициялардын түшкөн кирешелердин эсебинен, Депозиттерди коргоо фондусун толтуруу төгүмдөрүнөн тураары аныкталды. Бекитилген бюджет боюнча чыгымдардын негизги суммасы эмгек акы боюнча чыгымдарга, кызматтык иш сапарлар боюнча чыгымдарга, негизги каражаттарды жана башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга (сатып алууларга) багытталган. Буга байланыштуу, аудит тарабынан төмөндөгү негизги маселелер аныкталды: депозиттерди коргоо тутумунун катышуучуларынан алынган төгүмдөрдүн жана инвестициялардан алынган кирешелердин өз учурунда жана толук келип түшүүсү, эмгек акы боюнча чыгымдар, анын ичинен, материалдык жардамдарды төлөө, негизги каражаттарды жана башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу (сатып алуулар). Аудит маселелерин кароодо, Агенттиктин кызматкерлерине материалдык жардам төлөө, негизги каражаттарды жана башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу (сатып алуулар) боюнча бузуулар аныкталган.

## 4. Жетекчиликтин жоопкерчилиги

Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттигинин жетекчилиги бухгалтердик эсепти уюштурууга, чарбалык операцияларды жүргүзүүдө мыйзамдын сакталышына, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине, "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Агенттиктин Директорлор Кеңеши бекиткен Эсеп саясатына ылайык, финансылык отчеттун даярдалышына жана туура берилишине жооп берет.

Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттигинин жетекчилиги тышкы колдонуучулар үчүн, кыянаттык менен пайдалануулар же каталардын натыйжасында пайда болгон олуттуу бурмалоолорду камтыбаган финансылык отчетту даярдоо жана мыйзамды сактоо тапшырмасына туура келген ички контролдоо тутумун камсыздоого милдеттүү.

## 5. Финансылык отчеттуулукка аудит жүргүзүү боюнча Эсептөө палатасынын жоопкерчилиги

Эсептөө палатасынын жоопкерчилиги, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде бул финансылык отчеттуулук жөнүндө пикирин билдирүүдө турат. Аудит аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлгөн. Бул стандарттар

этикалык талаптарды аткарууга, ошондой эле  финансылык отчеттуулук олуттуу бурмалоолорду камтыбагандыгы жөнүндө жөндүү ишенимди камсыздоо үчүн, аудитти пландоону жана жүргүзүүнү милдеттендирет. Аудит өзүнө, финансылык отчетко карата эскертүүлөргө жана сандык көрсөткүчтөргө карата аудитордук далилди алуу үчүн зарыл болгон жол-жобону камтыйт. Талаптагыдай жол-жобону тандоо, финансылык кыянаттык пайдалануулерды жана каталардын натыйжасында финансылык отчетту олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин баалоону камтуу менен, аудитордун кесипкөй пикирине негизделет.  Биз тарптан алынган аудитордук далилдер, биздин аудитордук корутундуну көрсөтүү жана негиздерди берүү үчүн жетиштүү жана талаптагыдай болуп эсептелет.

**Аудитору** **А.А. Раматилаев**